DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2021

*Кенжебек уулу А.*

# КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ТУРИЗМ ТАРМАГЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ ЖАНА АНЫН АЙЛАНА-ЧӨЙРӨГӨ ТААСИРИ

*Кенжебек уулу А.*

# РАЗВИТИЕ ТУРИЗМА В КЫРГЫЗСТАНЕ И ЕГО ВЛИЯНИЕ НА ОКРУЖАЮЩУЮ СРЕДУ

*Kenzhebek uulu A.*

# DEVELOPMENT OF TOURISM IN KYRGYZSTAN AND ITS IMPACT ON THE ENVIRONMENT

*УДК: 910.4:796.5*

*Аталган макалада Кыргызстандын туризм тармагынын бүгүнкү абалы, туризмдин өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн шарттар, рекреациялык ресурстарга кыскача маалыматтар, экологиялык маселелер камтылган. Туризм тармагынын, анын ичинде альпинизмдин айлана-чөйрөгө тийгизген таасири кенен чагылдырылды. Кыргызстандагы ири альпинистик райондордогу экологиялык абалды так ачып берүүгө аракеттер болду. Ленин чокусунун, Ак-Сай мөңгүсүнүн жана Түндүк жана Түштүк Эңгилчек мөңгүлөрүнүн аймагындагы абал кенен берилди. Мындан сырткары жаратылыштык-рекреациялык объектилерге жүктү эсептөө боюнча сунуш берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *туризм, Бүткүл Дүйнөлүк Туризм Уюму, рекреациялык ресурс, альпинизм, айлана-чөйрөнү коргоо.*

*В данной статье рассматривается текущее состояние туристической индустрии в Кыргызстане, условия, способствующие развитию туризма, краткий обзор рекреационных ресурсов, экологические проблемы. Широко освещалось влияние индустрии туризма, в том числе альпинизма, на окружающую среду. Были предприняты усилия, чтобы дать четкое представление об экологической ситуации в крупнейших альпинистских районах Кыргызстана. Подробно описана ситуация в районе пика Ленина, ледника Ак-Сай, ледников Северный и Южный Энильчек. Кроме того, было предложено рассчитать нагрузку на природные-рекреационные объекты.*

***Ключевые слова:*** *туризм, Всемирная Туристическая Организация, рекреационные ресурсы, альпинизм, охрана окружающей среды.*

*This article contains the current state of the tourism industry in Kyrgyzstan, the conditions that contribute to the development of tourism, a brief overview of recreational resources, environmental issues. The impact of the tourism industry, including mountaineering, on the environment was widely covered. Efforts have been made to provide a clear picture of the environmental situation in Kyrgyzstan's largest mountaineering areas. The situation in the area of Lenin Peak, Ak-Sai Glacier and North and South Engilchek Glaciers is described in detail. In addition, a proposal was made to calculate the load on natural and recreational facilities.*

***Key words:*** *tourism, World Tourism Organization, recreational resources, mountaineering, environmental protection.*

Туризм – адамдардын муктаждыктарын канааттандырууга жана калктын жашоо сапатын жакшыртууга багытталган заманбап экономиканын маанилүү багыттарынын бири. Ошол эле учурда, экономиканын көптөгөн башка тармактарынан айырмаланып, туризм жаратылыш ресурстарынын түгөнүшүнө алып келбейт жана терс экологиялык таасири аз.

Кереметтүү Тянь-Шань менен Памир-Алай тоолорунун ортосунда жайгашкан Кыргызстан, бийик тоолуу чокулары жана мөңгүлөрү, тоо арасындагы жайлоолору жана көлдөрдү, гүлдөгөн өрөөндөрү, шаркырап аккан дарыялары, нивалдык-гляциалдыктан чөлгө чейинки укмуштуудай ландшафттары жана экосистемалары менен көпчүлүктү суктантат. Андан тышкары, Кыргызстан байыркы тарыхый жана маданий мурастарга ээ, ал Азия көчмөндөрүнүн салттарын жана Жибек Жолунун боюнда жайгашкан көптөгөн байыркы цивилизацияларды камтыйт.

Табигый, тарыхый жана маданий бай потенциалына карабастан, туризм Кыргызстандын экономикасынын кыйла алсыз тармагы бойдон калууда. Кыргызстан көпчүлүк көрсөткүчтөр боюнча коңшуларынан жана ири атаандаштарынан артта калды, анын ичинде чет өлкөлүк туристтердин саны жана чет өлкөлүк туристтерден түшкөн кирешенин көлөмү боюнча дагы. Бул коңшу тез өнүгүп келе жаткан Кытайдын жана Индиянын жаңы туристтик маршруттарды көздөгөн миллиондогон жарандарын тартууга өзгөчө мүмкүнчүлүгү бар экендигине карабастан, туризм аксап келүүдө.

Covid-19 пандемиясына чейинки 2019-жылдагы туризм тармагынын көрсөткүчтөрүн алып карасак, Дүйнөлүк Туризм Уюму тараткан маалымат боюнча коңшу Өзбекистан тез өнүгүп келе жаткан топ-20 мамлекеттин ичинен 4-орунду ээлесе, Казакстан 20-орунга татыктуу болду. Келген туристтердин саны өткөн 2018-жылга салыштырганда Өзбекистанда 27% жогоруласа, Казакстанда 10%га көтөрүлгөн. Кыргызстан тез өнүгүп келе жаткан топ-20 мамлекеттин катарына кирген эмес. Туризм тармагы ондогон жылдардан бери ички дүң продукциянын 5% ашпаган көлөмүн берип келүүдө. 2019-жылы аталган тармак улуттук ИДПнын болжол менен 4,5% ын түздү.

Туризмдеги дагы бир көйгөйдүн бири – туристтердин так санын аныктоо саналат. Өлкөгө кирген конокторунун канчасы туристтик максатта кирип жаткан дыгын аныктоо татаал маселе бойдон калууда. Аны так аныктоо өз кезегинде жалпы рынокту, тармактын келечегин анык көрүүгө, пландоого жакшы мүмкүнчүлүк бермек.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Кыргызстанда туризмдин натыйжалуу өнүгүшүнө, туризм чөйрөсүндө так мамлекеттик саясаттын жоктугу негизги себептердин бири болуп келүүдө. Кыргызстандагы туристтик комплексти өнүктүрүү туризм тармагында мамлекеттик жөнгө салуунун күчөтүлүшүнөн дагы көз каранды, аны аймактык туристтик өнүмдөрдү илгерилетүү боюнча заманбап стратегия менен айкалыштыруу керек. Туризмде натыйжалуу ийгиликке жетүү үчүн туруктуу туризмге жетишүүбүз абзел. Анын алкагында туруктуу, узак мөөнөттүү экономикалык өсүштү камсыздоо, баардык кызыкдар тараптарды, анын ичинде туристтерди кабыл алуучу жергиликтүү калкты туруктуу иш менен камсыз кылуу жана киреше алуу мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу, социалдык кызматтар, социалдык-экономикалык артыкчылыктарды берүү жана жакырчылыкты азайтууга көмөктөшүү. Туризмди туруктуу өнүктүрүү үчүн бардык кызыкдар тараптардын маалыматтык катышуусу, ошондой эле кеңири катышуу жана консенсуска жетишүү үчүн күчтүү саясий жетекчилик талап кылынат.

Туризм тармагы өзүнүн өнүгүүсүндө башка тармактарга салыштырмалуу айлана-чөйрөгө терс таасири төмөн. Бирок, аз-аздан көп убакытта таасир этүүсү белгилүү бир мезгилде өзүнүн жыйынтыгын көрсөтөт. Мисал катары Кыргызстандагы альпинистик райондордугу абалды алсак болот.

Ленин чокусундагы экологиялык кырдаал кейиштүү абалга жетти. Жети миңдик чоку Советтер Союзу жана эгемендик жылдарда топтолгон тиричилик таштандыларына толгон. Кыргызстанда кырдаалды жөнгө салуу боюнча шашылыш чаралар көрүлүүдө. 2018-2019-жылдары Кыргыз Республикасынын Альпинизм Клубу Эдинбург Напьер Университети (Улуу Британия) менен биргеликте жүргүзгөн изилдөөгө ылайык, Ленин чокусунуна жакын аймактагы Ленин мөңгүсүнүн үстүндөгү экологиялык кырдаал катастрофалык деп бааланууда.

Кыязы, көпчүлүк спортчулар - профессионалдар жана ышкыбоздор - көп жылдар бою тоо чокусуна көтөрүп келген банка, бөтөлкө, кагаз жана башка таштандыларды алып кетүүнү адат кылышкан эмес.

2020-жылы пандемия шартында чек аралардын жабылышына байланыштуу, альпинизм мезгили болбой калды. Бул энтузиасттарга Ленин чокусун генералдык тазалоого мүмкүнчүлүк берди. Кыйынчылык - тиричилик таштандылары деңиз деңгээлинен 3600-60000 метр бийиктикте ташталган. Бул таштандылар жогоруда жайгашкан альпинисттик лагерлерден чогултулуп, төмөн түшүрүлдү. Таштандылардын көпчүлүгү тоңуп калгандыктан, аларды оюп-тазалоо керек жана кычкылтек жетишсиз атмосферада жана аба ырайынын татаал шарттарында - кардын көп жаашы жана катуу шамал шартында иштөөгө туура келет.

Негизги жумуш август айында башталып, эң бийик жерлерди кесипкөй альпинисттер тазалашкан. Алар таштандыны базалык лагерге түшүрүп, ал жерден аларды аттардын жардамы менен жүк ташуучу унааларга сүйрөп барып, полигонго жөнөтүшкөн.

7000 метрден ашкан чокуга 30 жылдык тарыхта, мындай тазалоо экинчи жолу уюштурулуп жатат. Буга чейин ушундай эле масштабдуу "Таза кар" экологиялык кампаниясы Кыргызстанда 2014-жылы өткөрүлгөн. Анда бир күндө чокудан 11 тоннадан ашык таштанды чыгарылган.

Кыргыз Республикасынын Альпинизм Клубунун башчысы Владимир Комиссаровтун билдириши боюнча, Совет мезгилинде альпинисттердин канча көлөмдө жүк алып чыккандыгы жана түшүп келе жатканда канча көлөмдө жүк келгенин байкап турушкан. Эгерде алар өздөрү менен кошо таштанды алып келишпесе, анда мындай топту чокуну багынтты деп эсептеген эмес. Азыр эч кандай көзөмөл жок. Эң өкүнүчтүү нерсе, альпинисттер таштандыларды таштар менен көмүп коюшат, аны табуу кыйын. Ал таштандылар бийик тоолуу аймакта кылымдарда барып чириши мүмкүн.

Кыргызстандын дагы бир жети миңдик чокусу Хан-Теңири да чоң тазалыкка муктаж. Таштандылар анын капталдарында жарым кылым бою топтолгон. 2017-жылы Республикалык жаратылышты коргоо жана токой жаратылышын өнүктүрүү фонду тарабынан чокуга жакын аймактагы Түштүк жана Түндүк Эңилчек мөңгүлөрүн тазалоо үчүн 2,9 миллион сом бөлүнгөн. Бирок, бул каражат айрым аймактарды гана тазалоо үчүн жетиштүү болгон.

Бул аймакта тазалоо ишин жүргүзүү бир топ кыйынырак. Биринчиден, таштандылар базалык жана ортоңку лагерлердин салттуу орнотулган жерлеринен үч чакырымга чейинки аралыкта муз кыймылына багытталган ареал түрүндө муздун жана мореналардын үстүнө чачырап кетет. Экинчиден, бул жерде тазалоо процессине татаал болгондуктан, тик учакты колдонуу керек бирок, бул чоң каражатты талап кылат.

Узак убакыт бою альпинисттик коомдо мөңгү өзү таштандыларды кайра иштетет деген таң калыштуу миф болгон. Ушул себептен, балким, көптөгөн жылдар бою тиричилик таштандылары жаракаларга ыргытылып келген. Натыйжада, эрип жаткан мөңгү адам тарабынан ташталган таштандыны жер бетине чыгарып, оор кырдаал жаралды. Бул аймактарга көз карандысыз экспедициялардын да, туроператорлордун топторунун да келиши кырдаалды курчутуп жатат.

Туристтик альпинизмдин дагы бир объектиси - Ак-Сай мөңгүсү же альпинисттер колдонуп келгендей - "Ак-Сай ат такасы" илгертен бери өзүнүн «кол

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



жеткис» чокулары менен белгилүү болгон: Бокс (деңиз деңгээлинен 4200 метр бийиктикте), Теке-Төр (4441), Ак-Тоо (4600), Эркин Корея (4740), Симагин (4400), Байлан-Баши (4700), Космонавт (4200), Корона (4855), Семенов-Тянь-Шанский (4876), Скрябин (4650), Байчечекей (4515), Мугалим (4527).

Мөңгүнүн өзү Ала-Арча капчыгайында деңиз деңгээлинен 3500 метр бийиктикте жайгашып, шаардыктардын жана туристтердин сүйүктүү эс алуучу жайы. Бирок эс алуучулардан канчалаган "жаман" нерселер калып жатканы өкүндүрөт. Албетте, жергиликтүү администрация экологиялык кампанияларды уюштурат, бирок баарын тазалап, ордуна келтирүү мүмкүн эмес.

Жалпысынан Кыргызстандын аймагында бир нече популярдуу аймактар бар, ага альпинисттердин келиши жылдан жылга өсүүдө. Булар 7000 метрден жогору чокулар жана алардын айланасы, ошондой эле Кыргыз Патагониясы деп аталган: дүйнөгө белгилүү Хан Тенгри (7010 м) жана Жеңиш (7439 м) чокуларынын жанындагы Түштүк жана Түндүк Эңилчек мөңгүлөрү, Ачык-Таш трактасы. Ленин чокусу жайгашкан (7134 м), ошондой эле Ляйляк жана Каравшин капчыгайлары.

Өлкө жергиликтүү жамааттарды туризм тармагына тартуу механизмдерин жаңыдан иштеп баштады. Ошол эле учурда, туризм бизнесинин айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоонун тиешелүү механизмдери жана куралдары дагы эле иштелип чыга элек. Акыркы жылдары экологиялык туризмдин өнүгүшү жигердүү жүрүп жаткандыктан, мындай механизмдер өтө маанилүү. Бирок, жаратылыш системаларындагы жүктү иш жүзүндө эч ким эсептебейт. Туризм үчүн колдонулган аймактардын кубаттуулугу, туристерди кабыл алуу жөндөмдүүлүгү аныкталбайт, табигый объектилерге болгон туристтик жүктүн көлөмү көзөмөлдөнбөйт жана натыйжада экологиялык туризмден түшкөн жүктү эсептөөгө негиздери жок болуп келүүдө. Сунуш катары туризм тармагындагы адистер экологдор менен биргеликте жаратылыштык-туристтик объектилерге туристтер тарабынан түшкөн жүктү аныктап, кайсы объектке канчага чейин эс алуучуларды кабыл алуу мүмкүнчүлүгү бар экендигин аныктап, иштеп чыгуу зарыл.

**Литература:**


1. Атышов К.А., Турдумамбетов Б.У. Экотуризм: Учебное пособие. - Бишкек, 2005.
2. Жениш Назгуль Туристическая отрасль в Кыргызстане: тенденции и вызовы. Доклад №42. - Бишкек, 2017.
3. Толонов Э.Н. Туристический потенциал и проблемы развития туризма в Кыргызской Республике / Э.Н. Толонов. - Текст: непосредственный // Молодой ученый. - 2016. - №18 (122). - С. 290-293.
4. Чормонов А.Б., Бегалиева А.С., Чормонов А.А. Государственное регулирование туризма в Кыргызской Республике (1999-2011): Сб. док. - Б., 2012. - С.4.
5. Туризм в Кыргызстане. Годовая публикация. - Б., 2020. - С. 31.
6. Сайт Всемирной Туристической Организации. https://www.unwto.org (дата обращения: 01.06.2021)
7. «Экологический обзор Кыргызской Республики» Государственное агентство охраны окружающей среды и лесного хозяйства при Правительстве Кыргызской Республики. - Бишкек, 2009.
8. Сатыбалдиева А.Т., Кенжебек уулу А. Основные факторы развития культурного туризма в Кыргызстане. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2018. №. 8. С. 97-100